**Маккамбай Ерматович Дарбановдун «Дүйнөнүн когнитивдик-тилдик сүрөтүндөгү «адам» концепти»** аттуу 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин доктору илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына экинчи расмий оппонент, филология илимдеринин доктору, доцент Кубатбек Саматовдун

## ПИКИРИ

**Маккамбай Ерматович Дарбановдун «Дүйнөнүн когнитивдик-тилдик сүрөтүндөгү «адам» концепти»** аттуу 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин доктору илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын түркология жана кыргыз тил илиминдеги актуалдуу маселени иликтеген эмгек катары эсептеп, ишти квалиметриялык баалоо параметрлери аркылуу талдоого аракет жасайбыз.

1. **Изилдөөнүн актуалдуулугу.**

Адам темасы бир катар коомдук изилдөөлөрдүн, анын ичинде когнициялык лингвистиканын объектиси болуп келе жатканы маалым. Бирок буга чейин аталган тема - кыргыз аңызында когнициялык, лингвомаданий, паремиологиялык багыттарда атайын иликтөөлөрдүн бутасына алына электиги чындык.

“Адам” концептин туюнткан кыргыз лексикасынын атайын иликтенбегендиги жана аны репрезентациялоочу каражаттардын ар кыл өзгөчөлүктөрүнүн ушул кезге чейин аныкталбай келгендиги; ага танапташ концепттердин маанилеринин ачыла электиги; кыргыз лингвистикасында когнициялык лингвистиканын идеяларынын, принциптеринин, методдорунун толук системалаштырылбаганды; анын түшүнүктөрүнүн жана категорияларынын (элес, түшүнүк, фрейм, сценарий, схема, гештальт, пропозиция, когнитема ж.б.) кеңири колдонулбагандыгы; «адам» концептинин чегинде өзөк – жакабел, денотация – коннотация, баштапкы – туунду, нейтралдуу – эмоциялуу, объективдүү – субъективдүү, чектүү – аралык ж.б. көрсөткүчтөрдүн милдеттеринин жана касиеттеринин кадыресе илимий айлампага кире электиги изилдөөнүн актуалдуулугун далилдеп турат.

Диссертация КР Билим берүү жана илим министрлиги каржылаган «Кыргызстандын лингвомаданий объектилери учурдагы илимий парадигмалардын контекстинде» (2009-2011-жж.) жана «Тилдин полипарадигмалык теориясынын когнитивдик-психолингвистикалык жана



И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№88-10.19 « 15 » 06 2021 ж/г

лингвоэтномаданият таануу аспектилери» (2012- ж.) аттуу долбоорлордун алкагында ишке ашкан.

## 2. Проблеманы изилдөөнүн абалы жана изилдөөнүн жаңылыгы

Эмгекте когнициялык лингвистиканын, анын ичинде лингвомаданият таанууну тарыхына дыкаттык менен талдоо жүргүзүлөт (12-42-бб.).

Илимий изилдөөдөгү төмөнкү жаңылыктар докторлук диссертацияга коюлуучу талаптарга толук жооп берет жана изилдөөнүн жаңылыгы катары эсептелет:

1. “Адам” түшүнүгү философиядагы космоцентризм, теоцентризм жана рациоцентризм маалында иликтөө айдыңынан алыс калып, ал XIX-XX кылымдарда гана философиялык антропоцентризмдин жаралышы менен алдыңкы планга чыккандыгынын таасын сыпатталгандыгы;
2. Адам башка биологиялык түр сыяктуу эле эволюция процессинде жаратылыштан бөлүнүп чыккан жана ал табияттын бир бөлүгү катары жашай берет деген аксиоманы тереңдеткендиги, башкача айтканда, “адам” концептинин мазмуну социалдык-тарыхый, мифологиялык, биологиялык концепциялар аркылуу аныкталгандыгы;
3. «Адам» концептинин деривациялык катмарынын таасын иликтенгендиги; концептти кураган лексемаларга (адам, киши) этимологиялык анализ жүргүзүлгөндүгү;
4. «Адам» суперконцептин кураган субконцепттердин (адамдын кесиптик, улуттук айрымачылыктары, адам аттарынын сырлары, антропоним, топоним ж.б., туугандык катыштары, сырткы келбеттери, турак жай, оору, кийим-кече, каада-салт жана тамак-аш аталыштары, адам мүнөздөрү, ага тийиштүү эпитеттер жана башка конкреттүү түшүнүктөр) ар тараптан терең иликтенгендиги;
5. Антропологиялык алкактагы негизги түшүнүктөр (диний, мифтик, юридикалык, илимий багыттар, концепциялар, экспоненттер, этномаданий) аркылуу адамзатка байланыштуу терминдердин, туруктуу сөз айкаштарынын маанилери чечмеленип, алардын таасын классификацияландыгы;
6. «Адам» концептинин өзөгүнө жана жакабелине тийиштүү 27 микроталаанын ынанымдуу далилденгендиги; мегаконкоцептти туюнтуудагы синонимия жана антонимия кубулушунун милдетинин аныкталгандыгы;
7. Адамдын 14 сапатын чагылдыруучу эпитеттер мисалдар аркылуу аныкталгандыгы, синтагмалык изилдөөнүн натыйжасында «Адам» концептинин ачкыч сөзүнүн номинанттарына гана тиешелүү сөз айкалыштары талдоого алынгандыгы;
8. Сегиз бөлүмчөдөн куралган «Негизги антропологиялык концепттерге компоненттик талдоо» аттуу бөлүмдө провербиалдык каражаттардын белгилеринин саналгандыгы, адам мүнөзү чагылдырылган фразеологизмдердин талдангандыгы, “адам” концептин уюштурган 573

когнитема аныкталып, адам лексемасы катышкан провербиалдык бирдиктерге когнициялык-семантикалык анализ жасалгандыгы, аларда адамдын мүнөзүнүн сыпатталгандыгы, кыргыз элинин поэтикалык ойломундагы «адам» концептинин ордунун такталып, кыргыз этносунун аң-сезиминде “адам” концептинин ассоциацияланышы боюнча жүргүзүлгөн ассоциациялык эксперименттин так-даана жыйынтыкталгандыгы;

9. Заманбап когнициялык лингвистиканын негизги категориялары (концепт, фрейм, схема, сценарий, когнитема ж.б.) менен постулаттарына таянып, «Адам» концептин репрезентациялоочу когнициялык, тилдик жана провербиалдык каражаттардын терең илимий аспектте талдангандыгы;

10. Эмгекте ишенимдүү жыйынтыктар алынып (264-272-бб.), ынанымдуу (273-280) корутунду чыгарылгандыгы.

11. «Адам» концептинин азыркы идеологиялык вакуум мезгилинде белгилүү даражада философиялык, идеологиялык, моралдык-этикалык жана этномаданий ориентир кызматын аткара тургандыгын далилдегендиги.

### 3. Териялык жана методологиялык жактан маанилүүлүгү

Диссертациядан алынган теориялык жыйынтыктар (264-280-бб.) когнициялык лингвистиканын (лингомаданият таануунун) теориялык негиздерин (постулаттарын, категорияларын) тактоого, өнүктүрүүгө, аталган илим салаасынын илимий терминологиясын иштеп чыгууга, объекттин ар кыл кубулуштарын илимий нукта түшүндүрүүгө, келечегин божомолдоого жол ачарына белгилүү даражада салым кошоруна шек жок. Эмгекте лингвистикалык байкоо, санак, анализ, интерпретация, сыпаттама, байкоо, талдоо, эксперимент, топтоштуруу, моделдештирүү (когнитемалардын негизинде), тилдик талааны анализдөө ж.б. эмпириялык жана теориялык методдор чебер пайдаланылган.

Кыскасы, аталаган эмгек кийинки иликтөөлөргө териялык жана методологиялык нуска болоруна толук ишеним бар.

### 4. Изилдөөнүн практикалык мааниси

Диссертациянын материалдары менен негизги жоболору когнициялык лингвистика, кыргыз тилинин лексикологиясы, паремиологиясы жана фразеологиясы боюнча лекциялар курсунда, атайын курстарды окууда жана атайын семинарларды өткөрүүдө кеңири пайдаланууга жарактуу.

### 5. Изилдөөчүнүн проблемага байланыштуу изилдөөгө кошкон салымы

Изилдөөгө керектүү материалдарды жыйноо, аларды системалаштырып, тийиштүү эмпириялык-теориялык методдор менен иликтеп, жыйынтыктарды

чыгаруу жеке авторго гана таандык. Изилдөөчүнүн проблеманы изилдөөгө кошкон салымы зор.

**6. Эксперименттик жана иллюстрациялык материалдары**

Эмгекте иллюстрациялык материал катары кыргыз элинин макал-лакаптары, учкул сөздөрү, заманбап поэтикалык ой казынасынын туундулары кеңири пайдаланылат. «Кыргыз этносунун аң-сезиминде "Адам" концепти кандайча ассоциацияланат?» аттуу параграфта мектеп окуучулары менен жогорку окуу жайынын студенттерине: 1) Адам сөзү кайдан пайда болгон? 2) Адам дегенде эмнени түшүнөсүңөр? 3) Адамды адам кылган кайсы сапаттары? 4) Адамды айбан кылган кайсы сапаттары? – деген суроолор берилип, психологиялык эксперимент жүргүзүлөт жана алынган жооптордон тийиштүү жыйынтыктар чыгарылат.

**7. Жаңылык жана натыйжалардын ишенимдүүлүгү**

Эмгектин жаңылыктар менен натыйжаларынын ишенимдүүлүгүн далилдөө үчүн анын жоболоруна таянуу оң.

**1-Жобо.** Концепт - реалдуу чындыктын белгилүү бир фрагменти жөнүндөгү элестөөлөрдүн жана түшүнүктөрдүн системасын чагылдыруучу менталдык-когнитивдик түзүлүш. Концепти изилдөө - анын тилдик репрезентанттарынын мазмундук мүнөздөмөлөрүн ачып берүү. Кыргыз лингвистикасында "адам" концепти өзүнчө объект катары изилденбеген.

**Жооп.** Бул жалпы жобо. Аталага жобо - иштин башынан аягына чейин кызыл сызык менен өткөн негизги идея. Бул жобо илимий концепция жана фактылар аркылуу ишенимдүү иликтенген. Жобо жарым-жартлай жаңы.

**2-Жобо.** «Адам» - семантикасы түркүн элементтерге ээ, көп булактуу, эң таркалган концепт. Ал предметтик, образдык, аксиологиялык компоненттерден турат. Анын көп элементтүүлүгү тиешелүү денотаттын жашоодогу орду, мааниси жана баалуулугу менен түшүндүрүлөт.

**Жооп.** «Адам» концептинин семантикасынын көп катмарлуулугу, компоненттеринин ар кылдыгы бай материалдарга таянуу менен, тийиштүү илимий методдор аркылуу ишенимдүү далилденген. Жобо жаңы.

**3-Жобо**. Көп кыргыз паремияларында жана эпитеттеринде адамдын кулк-мүнөзүнүн, кыял-жоругунун, сырткы келбетинин ж.б. сын-сыпаттарынын мүнөздөлүшү – алардын кыргыз элинин күндөлүк практикалык баалуулуктарынын күбөсү.

**Жооп.** Бул жобо илимде белгилүү. Биздин оюбузча, диссертант паремиялар менен эпитеттериндин теманы ачуудагы милдетин айтууну

көздөп, өз пикирин толук айта албай калган. Эгерде автор биздин оюбузга кошулса, жобо жаңы.

**4-Жобо.** «Адам» концепти көп катмардуу жана көп деңгээлдүү. Ал кыргыз тил ээлеринин аң-сезиминде "Адам, киши, инсан, пенде, тирүү жан", "Адам сөзү Алла Таала Адам ата менен Обо энени жараткандан кийин пайда болгон", "Адамды адам кылган сапаттар - адамгерчиликтүүлүк, ыймандуулук, боорукердик, адептүүлүк", "Адамды айбан кылган сапаттар - ичи тардык, кызганчаактык, көрө албастык, ач көздүк, урушчаактык, сараңдык" сыяктуу концептуалдык белгилер аркылуу берилүүчү, концепттин өнүгүүсүн чагылдырган когнитивдик катмарларды өзүнө камтыйт.

**Жооп.** Аталган жобо зарыл фактылар аркылуу илимий негизде ишенимдүү далилденген. Жобо актуалдуу жана келечектүү. Жобо жаңы.

**5-Жобо**. Паремияларды концепттик анализдөө концепттин мазмунун лексикографиялык интерпретацияларга салыштырмалуу бир кыйла кеңейтип жиберет, эл тарабынан иштелип чыккан ойлордун жыйындысы лингвомаданий жалпылык катары паремияларда орун алат. Лексемалар, фразеологизмдер жана макал-лакаптар кишинин менталдык дүйнөсүн чагылдырат. Улуттук түшүнүктөрдү ар түрдүү когнициялык түзүлүштөр (фрейм, сценарий, когнитема ж.б.) уюштурат.

**Жооп.** Аталган жобо кыргыз тил илими үчүн жаңы.

**6-Жобо**. «Адам» концептинин, анын ичинде адам сөзүнүн семантикалык талаасынын борбордук лексемалары катары киши, инсан, пенде, жан, жаран сөздөрү кызмат кылат, ал эми семантикалык талаасынын жакабелине "персона", "индивид", "субъект" ж.б. көптөгөн түшүнүктөр кирет.

**Жооп.** Жобо ар тараптан далилденген, келечектүү. Аталган жобо жаңы.

Илимий изилдөөнүн жыйынтыктарынын далилдүүлүгүн жана ишенимдүүлүгүн диссертациядагы факт-материалдардын арбындыгы, табылгалардын жаңылыгы, жоболордун ишенимдүүлүгү, сунуштардын негиздүүлүгү, ой-пикирлердин далилдүүлүгү курайт. Диссертант көп учурда илимпоздордун ойлоруна, байкоолоруна таянат, кайчылаш пикирлерге сын айтат.

## 8. Автор алган натыйжалардын илимий-практикалык мааниси

Иштин багыты түркология жана кыргыз тил илими үчүн жаңы жана перспективалуу. Иштеги теориялык жоболор түркология жана кыргыз тил илиминдеги когнициялык багыттагы иликтөөлөргө илимий өбөгө түзсө, ал эми анын практикалык мааниси аталган тема боюнча жогорку окуу жайларында лекция окууда, окуу куралдарын жаратууда, курстук,

дипломдук, магистрлик, кандидаттык жана докторлук иштерди жазууга өбөлгө болорлугу менен түшүндүрүлөт.

**9. Диссертациянын мазмунун жана тыянактарын баалоо**

Автор тарабынан коргоого коюлган жоболор жаңы, ал эми чыгарылган тыянактар менен корутунду түркология жана кыргыз тил илими үчүн жаңы жана келечектүү. Диссертация жеке илимий-квалификациялык иш катары бааланат жана анда иштелип чыккан теориялык жоболордун курамы ири илимий жетишкендик болуп саналат. Диссертацияда жаңычыл мүнөзгө ээ маанилүү жыйынтыктар жана корутунду чыгарылган. Диссертациядагы ишенимдүү жоболор, жыйынтыктуу тыянактар жана концепциялык маанидеги корутунду 1 монография жана 19 илимий макалада таасын чагылдырылган. Кыргыз жана орус тилдериндеги авторефераттар диссертациянын мазмунун кыска жана толук чагылдырат.

**10. Тилдин илимий, стилистикалык жана логикалык өзгөчөлүктөрү**

Эмгекте академиялык этикетке таандык эрежелер жетекчиликке алынып, тилдик-стилистикалык маданияттын жогорку деңгелинен кабар берип турат. Материалдарды анализдөө формалык-стилистикалык ык чебер пайдаланылат, илимий сыпаттоо ой жүгүртүүлөрдөн куралат жана иликтөөдөн чыгарылган жыйынтыктар ынанымдуу далилденет. Илимий тексттин ар бир компонентине ойдун толук аякташы, бүтүндүк жана байланыштуулук мүнөздүү. Эмгекте атайын функциялык-синтаксистик тилдик каражаттар илимий ойдун өнүгүшүнүн иретин, карама-каршылыгын, себеп-натыйжа мамилелерин, бир баскычтан экинчи баскычка өтүшүн көрсөтүүдө жана жыйынтыгын чыгарууда маанилүү милдет аткарат, ошондой эле атайын терминология, илимий фразеология, грамматикалык (морфологиялык. синтаксистик) өзгөчөлүктөр, түшүнүктүүлүк жана кыскалык сыяктуу касиеттер да толук сакталат.

**11. Сын-пикирлер жана сунуштар**

Диссертацияда мазмунга көлөкө түшүрө албаган айрым бир орфографиялык, пунктуациялык жана стилистикалык каталар кездешет.

Диссертация композициялык жактан купулга толо бербейт. Анткени «Концептуалдык изилдөөлөрдүн негиздери» аттуу I-бап 31 беттен (12-42-бб.), «Изилдөөнүн материалдары жана методдору» аттуу II-бап 3,5 беттен (43-46-бб.) турат, ал эми автордун иликтөө иштерин сыпаттаган "Адам" концептинин кыргыз дүйнө таанымында лексика-семантикалык жана

провербиалдык түрдө экспоненттелишин изилдөөнүн негизги натыйжалары” аталышындагы III-бап 13 параграфты жана бир топ бөлүмчөлөрдү же 235 бетти (47-272) камтыйт. Биздин оюбузча, 2-бапты методологиялык аппаратка киргизип, 3-бапты үчкө бөлсө, максатка ылайыктуу болмок.

**Маккамбай Ерматович Дарбановдун «Дүйнөнүн когнитивдик тилдик сүрөтүндөгү «адам» концепти»** аттуу докторлук диссертациясына карата түзүлгөн квалиметрикалык матрица

| № | Баалоо параметри | 10 | 9 | 8 | 7 | 6 | Баары |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Актуалдулугу | + | | | | | 10 |
| 2. | Проблеманы изилдөөнүн абалы жана изилдөөнүн жаңылыгы | + | | | | | 10 |
| 3. | Териялык жана методологиялык жактан маанилүүлүгү | + | | | | | 10 |
| 4. | Иштин практикалык мааниси | + | | | | | 10 |
| 5. | Изилдөөчүнүн проблемага байланыштуу изилдөөгө кошкон салымы | + | | | | | 10 |
| 6. | Эксперименттик жана көргөзмө материалдары | + | | | | | 10 |
| 7. | Жаңылык жана натыйжалардын ишенимдүүлүгү | + | | | | | 10 |
| 8. | Автор алган натыйжалардын илимий-практикалык мааниси | + | | | | | 10 |
| 9. | Диссертациянын мазмунун жана тыянактарын баалоо | + | | | | | 10 |
| 10. | Тилдин илимий, стилистикалык жана логикалык өзгөчөлүктөрү | + | | | | | 10 |
| | | | | | | | 100 |

**Изденүүчү Маккамбай Ерматович Дарбановдун «Дүйнөнүн когнитивдик-тилдик сүрөтүндөгү «адам» концепти»** аттуу 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин доктору илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы - толук кандуу илимий эмгек жана ал Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын филология илимдеринин доктору илимий даражасын

изденип алуучуларга койгон талаптарына толук жооп берет, ал эми диссертант 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин доктору илимий даражасын алууга толук акылуу.

Экинчи расмий оппонент, филология
илимдеринин доктору, доцент,
И.Арабаев атын. КМУнун Т.К. Ахматов атын.
кыргыз тили жана аны окутуунун
технологиялары кафедрасынын
профессорунун милдетин аткаруучу К.Саматов

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

10.06. 2021-жыл.

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
15.06.2021 г
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ